# СЕРВИСТЕ САТУУЧУНУН ПАЙДАСЫНА ТӨЛӨМДӨРДҮ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА БАНКТЫК КЫЗМАТТАРДЫ БЕРҮҮ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮГӨ

# АЧЫК СУНУШ (ОФЕРТА)

Ушул Ачык оферта (мындан ары – Оферта) «О!Банк» ААКтын (мындан ары – Банк) Сервисте Сатуучунун пайдасына төлөмдөрдү камсыздоо боюнча Банктын кызматтарды берүү келишимин түзүүгө ачык сунушу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган, ушул Офертада баяндалган шарттарда Товар сунуштарын жайгаштыруу жана келишимдерди түзүү жана/же Соода платформасынын Операторунун Сервисте Товарларды алдын ала брондоо боюнча функционалды берүү боюнча кызматтарды көрсөтүү келишимин түзгөн жеке ишкерлерге/юридикалык жактарга даректелет.

Сервисте Сатуучунун пайдасына төлөмдөрдү камсыздоо боюнча Банктын кызматтарды берүү келишими (мындан ары – Келишим) Сатуучу тарабынан кагаз түрүндө жана/же электрондук формада Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 394-беренесине жана 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык жазуу түрүндө таризделген ушул Офертанын Акцептин Банк алган убактан баштап, ошондой эле Сервисте Сатуучунун пайдасына төлөмдөрдү камсыздоо боюнча Банктын кызматтарды берүү келишимине Финансылык шарттар (мындан ары – Финансылык шарттар) Банк белгилеген формада таризделген жана эки тараптын кол тамгалары коюлган шартта түзүлгөн деп эсептелет жана юридикалык күчүнө кирет. Акцепт толук жана шартсыз болуп саналат, бул Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 399-, 402-беренелерине ылайык Сатуучунун ушул Офертаны түзүүсүн (кол коюусун) жана анын бардык шарттарын кабыл алуусун түшүндүрөт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык Сатуучу Келишимди түзүү үчүн зарыл документтерди берген жана/же Банк аларды текшерген шартта. Акцепт (ушул Офертага аналогиялуу) Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

Сатуучу ушул Офертанын шарттары менен толук же жарым-жартылай макул эмес болсо, Сатуучу Келишимге кошулуудан баш тартууга милдеттүү.

Жогоруда баяндалган жоболорго карабай, Банк өзүнүн кароосу боюнча Сатуучунун Келишимге кошулуусуна баш тартууга укуктуу.

Офертанын актуалдуу редакциясы Соода платформасынын Операторунун расмий сайтында market.o.kg дареги боюнча жана Мобилдик тиркемеде Сатуучу Офертанын шарттарын кабыл алуу (акцепттөө) боюнча аракеттерди аткарганга чейин милдеттүү түрдө таанышуусу үчүн жайгаштырылган.

Сатуучу ушул Офертанын бардык шарттары ага түшүнүктүү экенин кепилдейт жана ал аларды шартсыз жана толук көлөмдө кабыл алат.

## 1. Терминология

1.1. **Жеткирип берүү/Курьер** – Соода платформасынын Операторунун Товарды Сатып алуучуларга алардын Тапшырыктары боюнча өз алдынча же транспорттук-логистикалык, курьердик кызматтарды же башка үчүнчү жактарды тартуу менен жеткирип берүүнү уюштуруу боюнча кызматы.

1.2. **Тапшырык** – Сатып алуучунун Соода платформасында тандалып алынган Сатуучунун Товарларын сатып алууга жана Сатып алуучу көрсөткөн дарекке жекирүүгө, же өз алдынча алып кетүү аркылуу, талаптагыдай таризделген суроо-талабы.

1.3. **Байланыш каналы –** Келишим боюнча маалыматты берүү каражаттарынын бири: электрондук почта (e-mail), почталык/телефондук (кадимки, мобилдик, маалыматтарды өткөрүп берүү аркылуу) байланыш, Мессенджер, USSD/SMS/пуш-маалымдоо, факс, Сайтта, Мобилдик тиркемеде же Жеке кабинетте маалымдоо.

1.4. **Товардын Картасы** – Соода платформасында тапшырык кылууга жеткиликтүү, сатууга сунушталган Товар жөнүндө, башкалардын арасында Контентти, ошондой эле Товар жөнүндө, анын модификациясы, комплектациясы, курамы жана башка мүнөздөмөлөрүн камтыган башка маалыматтан турган маалыматтардын жыйындысы. Товардын Картасы керектөөчүлөрдүн укугун коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык алуучу катары Сатып алуучунун маалыматына жеткирүүгө милдеттүү болгон Товар жөнүндө маалыматты камтыйт. Товардын Картасы Сатуучу же Соода платформасынын Оператору тарабынан толтурулат, мында Контенттин мазмуну, чындыкка дал келүүсү үчүн жоопкерчиликти Сатуучу тартат. Товардын Картасы Товардын Сервисте визуалдык чагылдырылышы болуп саналат.

1.5. **Контент** – Товардын Картасында камтылган, анын ичинде Товарлардын сүрөттөлүшүн, сүрөтүн жана видеосун ж.б.у.с. кошуп, бирок чектелбестен, интеллектуалдык иштин кандай болбосун жыйынтыктары.

1.6. **Насыя** – Оператордун Соода платформасында жайгаштырылган Товарды сатып алууга (i) Насыя боюнча пайыздарды чегерүүсүз – Товар бөлүп төлөө менен; (ii) Насыя боюнча пайыздарды чегерүү менен – Товар Насыяга багытталган Банктын насыялык продукттары.

1.7. **Насыя келишими** – Банк менен Сатып алуучунун ортосунда түзүлгөн, анын шарттарына ылайык Банк Сатып алуучуга мобилдик тиркеменин Сервиси аркылуу Соода платформасында Сатып алуучудан Товарды сатып алууга насыяларды берген келишим.

1.8. **МТ** – Оператордун Соода платформасы аркылуу Товарды Насыяга алуу менен байланыштуу функционалга Сатып алуучуга жетүүнү мүмкүн кылган мобилдик түзүлүштөрдө (смартфондордо, планшеттерде ж.б.) орнотуу жана колдонуу үчүн арналган «Мой О!+Банк» («Мой О!) мобилдик тиркемеси. МТ Насыяны тариздөө, башкаруу жана тындыруу, Товарды тандоо, ошондой эле Насыяны берүү жана Товарды колдонуу шарттары менен каралган башка аракеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүн берет, МТнын техникалык мүмкүнчүлүгү болсо.

1.9. **Соода платформасынын Оператору** – электрондук бүтүмдүн катышуучулары катары Сатуучу менен Сатып алуучунун өз ара аракеттешүүсүн камсыздаган уюштуруучулук, маалыматтык жана техникалык чечимдерди берген, ошондой эле электрондук бүтүмдү жүргүзүүдө коштоочу кызматтарды көрсөткөн «ДэвКэтс» жоопкерчилиги чектелген коому.

1.10. **Сатуучу** – Соода платформасын колдонуу менен Сатып алуучуларга Товарларды сатууну ишке ашырган жана Соода платформасынын Оператору менен Товар сунуштарын жайгаштыруу жана келишимдерди түзүү жана/же Сервисте Товарларды алдын ала брондоо боюнча функционалды берүү боюнча кызматтарды көрсөтүүгө келишимди түзгөн юридикалык жак/жеке ишкер.

1.11. **Сатып алуучу** – Банктын кардары жана Сатуучунун сатып алуучусу болгон, Банкта Сервис аркылуу Товарды сатып алууга насыя алган жеке жак.

1.12. **Сервис** – Соода платформасынын аппараттык комплекстерин жана программалык камсыздоолорун интеграциялоого арналган, өзүнө market.o.kg (Сайт) Интернет-ресурсун,

ар түрдүү операциялык системалардын базасындагы Сайтка тиркемелерди жана башка сервистерди камтыган техникалык чечим.

1.13. **Насыянын суммасы –** Банк берген Сатып алуучунун баштапкы төгүмүн алып салуу менен Товардын/Товарлардын наркына барабар болгон насыянын суммасы. Товардын наркына кошулган баштапкы төгүм насыянын суммасынын бөлүгү болуп саналбайт.

1.14. **Товар –** Соода платформасынын Операторунун Соода платформасында Сатуучу сатып өткөргөн товарлар/кызматтар.

1.15. **Оператордун Соода платформасы –** market.o.kg дареги боюнча Интернет тармагында серверлерде жана/же Соода платформасынын Операторунун мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган, Сатып алуучуларга өзүнүн Товарын сатып өткөрүүнү мүмкүн кылган Товарлар жөнүндө маалыматтын агрегатору.

1.16. Ушул бөлүмдө көрсөтүлбөгөн башка терминдер, аныктамалар жана шарттар Келишимдин шарттарынын контекстинен келип чыккан мааниге ылайык чечмеленет же ушул Келишимге Тиркемелерде өзүнчө макулдашуулар же Сервистин башка документтери менен аныктала алат. Келишимде колдонулган терминди же аныктаманы чечмелөөгө карата кандай болбосун пикир келишпестиктер келип чыккан учурда, Банк аныктаган чечмелөө колдонулат.

## 2. Келишимдин Предмети жана жалпы жоболор

2.1. Келишимдин Предмети болуп Сатуучу Соода платформасында Сатып алуучуларга Товарларды Насыя келишими боюнча толук жана/же жарым-жартылай Насыянын Суммасынын эсебинен сатып өткөрүү процессинде Банк менен Сатып алуучунун ортосунда кызматташтыктын шарттарын жана принциптерин орнотуу болуп саналат.

2.2. Банк Сатып алуучуга Насыяны берүү боюнча ишти өзүнүн кароосу боюнча Сатуучу Оператордун Соода платформасында жайгаштырган Товарды сатып алуу максаттарында мыйзамдардын жана Банктын ички документтеринин талаптарынын негизинде ишке ашырат.

2.3. Сатуучу Оператордун Соода платформасында жайгаштырылган Товарды Сатып алуучуларга бөлүп төлөө же Банктын насыя продуктусунун шарттарында мындай функционалды Соода платформасында кошуу жолу менен сатып өткөрүү боюнча ишти ишке ашырат, ошондой эле Банкка ушул Келишимдин шарттарында сый акы төлөп берет.

2.4. Банк менен Сатып алуучунун ортосундагы мамилелерди жөнгө салган Насыя келишиминде сүрөттөлгөн насыялоо шарттары, пайыздык чен, мөөнөттөр жана башка шарттар өзгөрүшү мүмкүн. Банк Сатып алуучуга мындай өзгөртүүлөр жөнүндө жазуу түрүндө билдирүүнү жөнөтүү менен жана МТ аркылуу ушул Келишимдин шарттарын аткарууга таасирин тийгизген өзгөртүүлөр боюнча күчүнө киргенге чейин 7 (жети) календарлык күндөн кеч эмес билдирет. Насыяны мөөнөтүнөн мурда тындыруунун, айыптардын, туумдардын, реструктуризациялоонун шарттары жана башка шарттар Насыя келишими менен каралган.

## 3. Банктын укуктары жана милдеттери

3.1. **<u>Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:</u>**

3.1.1. МТ аркылуу актуалдуу маалыматтарды жана банктык же башка сырга кирбеген ушул Келишимдин алкагында кызматташтык үчүн зарыл болгон Насыяны берүүнүн шарттары жөнүндө маалыматты берүү.

3.1.2. Сатып алуучунун МТ аркылуу таризделген өтүнмөсүн өтүнмө келип түшкөн убактан баштап дароо кароо жана, Сатып алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана

Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарына ылайык келген учурда, Сатып алуучунун Насыяга өтүнмөсүн жактыруу.

3.1.3. Өтүнмө жактырылгандан кийин МТ аркылуу Насыянын Суммасын, ар айлык төлөмдүн өлчөмүн, Насыянын бардык мөөнөтүндөгү ашыкча төлөмдү (бар болсо), Насыянын мөөнөтүн, Насыянын ченин жана комиссияларды көрсөтүү менен Насыяны эсептөөнү берүү.

3.1.4. Сатып алуучу Банктын Насыя келишимине, ошондой эле бардык коштоочу келишимдери жана документтерине кол койгондон, Тапшырыкка «Жеткирип берилди» статусу ыйгарылгандан кийин 1 (бир) жумуш күндүн ичинде Сатып алуучунун тапшырмасы боюнча Сатуучунун банктык эсебине Насыянын Суммасын которууну жүргүзүү. Насыялык документтер дем алыш/ жумуш эмес майрам күнү таризделген учурда, Банк Насыянын Суммасын Сатуучуга кийинки жумуш күнү которот. Мында Банк Финансылык шарттарга ылайык Насыянын Суммасынан сый акынын кармап калат. Насыяны которгондон кийин Банк Сатуучунун талабы боюнча ага Сатуучунун эсебине Насыянын Суммасын чегерүү жөнүндө эсеп боюнча көчүрмө берет.

3.1.5. Документтерди, анын ичинде Насыяны коштогон, өз убагында жана туура тариздөө.

3.1.6. Сатып алуучудан ушул Келишимге №2 Тиркемеге ылайык форма боюнча Товарды кайтарып берүү актысы алынган, Сатып алуучу Банкка Насыянын Суммасын кайтарып берген жана Сатып алуучудан Насыяны мөөнөтүнөн мурда толугу менен тындыруу жөнүндө арыз алынган учурда, Насыя боюнча пайыздарды чегерүүнү Насыяны толугу менен мөөнөтүнөн мурда тындыруу жөнүндө арыз алынган датадан баштап токтотуу.

3.1.7. Ушул Келишимдин 3.2.3. п. ылайык Сатып алуучунун пайдасына операцияларды токтотууга алып келген себептер четтетилген учурда, аларды жүргүзүүнү улантуу. Мында операцияларды токтотуунун натыйжасында Сатуучуга келтирилген чыгымдар үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

3.1.8. Насыя боюнча Карыз келип чыккан учурда, Сатып алуучудан карызды өндүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган иш-чараларды өз алдынча ишке ашыруу.

3.1.9. Сатып алуучудан Насыя боюнча карызды өндүрүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу менен байланышкан териштирүүлөрдө өз алдынча катышуу жана бардык чыгымдарды тартуу.

3.1.10. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жана насыялоо маселелери боюнча Банктын ички ченемдик документтерин сактоо.

3.1.11. Сатуучунун талабы боюнча Банк бекиткен форма боюнча Өз ара эсептешүү актысын түзүү.

3.1.12. Ушул бөлүмдө каралбаган, ушул Келишимдин шарттарынан жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарынан келип чыккан башка милдеттерди алуу.

3.2. **Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.2.1. Сатуучудан Насыянын Суммасын толук көлөмдө сый акыны алып салуу менен, эгер ал Банк тарабынан кармалып калган болсо, ушул Келишимдин 5-бөлүмүнө ылайык Товарды Сатып алуучу Сатуучуга кайтарып берген убактан баштап 1 (бир) жумуш күндүн ичинде кайтарып берүүнү талап кылуу. Мында Сатып алуучу Товарды кайтарып бергенге чейин иш жүзүндө жүргүзгөн Насыяны тындыруулар боюнча кайра эсептөө жүргүзүлбөйт, төлөнгөн пайыздар кайтарып берүүгө жатпайт.

3.2.2. Сый акы алуу, ошондой эле Насыянын Суммасын Товарды Сатып алуучу Сатуучуга кайра кайтарып берген учурда, жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык башка акчалай

милдеттенмелер үчүн, анын ичинде аны Сатуучунун банктык эсебинен Финансылык шарттарга ылайык акцептсиз негизде эсептен чыгарып салуу жолу менен.

3.2.3. Сатуучу ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди же Банк менен Сатуучунун ортосунда түзүлгөн кандай болбосун башка келишимди бузган учурда, жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Банк үчүн Сатып алуучуларды насыялоону ишке ашыруунун мүмкүнсүздүгүнө алып келген милдеттенмелер келип чыккан учурда, анын ичинде ушул Келишимдин жоболорун аткаруу үчүн кызматташтыктын алкагында, Сатып алуучунунун Сатуучунун Товарын алууга өтүнмөсүн/ Сатып алуучуну насыялоону кароону токтотуу, жана/же Сатуучунун операцияларын бөгөттөө.

3.2.4. Финансылык шарттарды бир тараптуу негизде өзгөртүү, Сатуучуга Байланыш каналдары аркылуу жаңы тарифтер күчүнө киргенге чейин 3 (үч) жумуш күнүнөн кеч эмес билдирүү менен.

**4. Сатуучунун укуктары жана милдеттери**

4.1. **<u>Сатуучу төмөнкүлөргө милдеттенет</u>:**

4.1.1. Оператордун Соода платформасында көрсөтүлгөн, Товардын Картасындагы сүрөттөлүшкө жана маалыматтарга толугу менен шайкеш келген Товардын бар болуусун камсыздоо.

4.1.2. Курьер же Сатып алуучу Сатуучунун Товарын коё берүү/сатуу түйүнүнө келген убактан баштап 15 (он беш) мүнөттөн кеч эмес Сатып алуучу тапшырык кылган талаптагыдай сапаттагы жана комплекттүүлүктөгү Товарды жүктөп өткөрүүнү/коё берүүнү ишке ашыруу.

4.1.3. Сервисте Тапшырыкка «Берүүгө даяр» статусу (Товарды өз алдынча алып кетүүдө) же «Жеткирип берүүгө даяр» статусу (Жеткирип берүүдө) ыйгарылгандан жана Сатуучуга Сатып алуучу/Курьер тастыктоо кодун көрсөткөндөн кийин гана Сатып алуучуга сапаттуу Товарды коё берүү/берүү. Сервисте түзүлгөн туура кодду киргизгенден кийин Тапшырыктын статусу «Жеткирилип берилди»/ «Жолдо» статусуна өзгөрүүсү керек.

4.1.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарына ылайык ушул Келишимдин шарттарын аткаруу максатында Банкта банктык эсеп ачуу.

4.1.5. Сатып алуучу жеке же Курьер аркылуу кайтарып берген Товарды, Сатып алуучунун Товарды кабыл алуудан баш тартуу себептеринен көз карандысыз, Сервисте Сатып алуучунун Товарды алуусу жөнүндө код-тастыктоону киргизгенге, ошондой эле Тапшырык «Жеткирилип берилди» статусуна өзгөргөнгө чейин, кабыл алуу.

4.1.6. Сатып алуучу Тапшырык «Жеткирилип берилди» статусуна өзгөргөндөн кийин, бирок керектөөчүнүн укуктарын коргоо жөнүндө мыйзамдарда белгиленген же Сатуучунун кепилдик милдеттенмелеринин алкагындагы мөөнөттөрдө кайрылган учурда, ушул Келишимге №2 Тиркемеде бекитилген формага ылайык акт боюнча Сатып алуучу менен макулдашуу менен жана буга мыйзамдуу негиздер бар болгондо 1 (бир) жумуш күндүн ичинде Сатып алуучу кайтарып берип жаткан Товарды алмаштырып берүү же кабыл алуу. Мында Товарды алмаштыруу аналогиялуу Товарга гана мүмкүн.

4.1.7. Сатып алуучу Товарды кайтарып берген учурда, ушул Келишимге №2 Тиркемеге ылайык форма боюнча Товарды Кайтарып берүү жөнүндө актыны (мындан ары – Кайтарып берүү жөнүндө акт) толтуруу жана кол коюу жана аны Байланыш каналдары боюнча Банкка жиберүү, жана ушул Келишимдин 5.2.п. ылайык банктын эсепти толтуруу жолу менен Банкка Насыянын Суммасын кайтарып берүүнү жүргүзүү, ошондой эле Сатып алуучуга Товарды Кайтарып берүү жөнүндө актынын түп нускасын Банкка берүү жана Банкка Насыяны мөөнөтүнөн мурда/толук тындыруу жөнүндө арыз берүү жөнүндө билдирүү. Банкка Насыянын Суммасы өз убагында кайтарылып берилбеген учурда, Сатуучу Сатып

алуучуда Насыя төлөнүп берилбегендиктен келип чыккан бардык айыптарды/үстөк төлөмдөрдү Банкка төлөп берүүгө милдеттенет.
4.1.8. Ушул Келишимдин 4.1.6. жана 4.1.7. п.п. ылайык Товарды кайтарып берүү/алмаштыруу жөнүндө Банкка талаптагыдай жана өз убагында кабарлабоого байланыштуу бардык терс кесепеттер үчүн толук өз алдынча жоопкерчилик тартуу.
4.1.9. Товарды кайтарып берүүгө же алмаштырууга байланыштуу Сатып алуучунун талаптары боюнча бардык чыгымдарды өз алдынча тартуу.
4.1.10. Эсептешүү айынан кийинки айдын биринчи 3 (үч) жумуш күнүнүн ичинде Банкка Финансылык шарттарга ылайык сый акы төлөп берүү, эгер ал Банк тарабынан кармалып калган эмес болсо, жана/же айыптык санкциялардын суммаларын жана/же Жеткирип берүү кызматтарын төлөө боюнча чыгымдардын ордун толтурууну жана/же башка чыгымдардын ордун толтурууну, ушул Келишимде белгиленген өлчөмдө жана шарттарда. Көрсөтүлгөн суммалар Сатуучу тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө төлөнүп берилбеген учурда, Банк аларды Сатуучунун Банкта ачылган банктык эсебинен акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга укуктуу.
4.1.11. Ушул Келишим боюнча өзүнүн милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруу үчүн Банкты Сатуучуда болгон, суралган зарыл маалымат менен камсыздоо.
4.1.12. Сатуучунун нускамаланган персоналына гана ушул Келишим боюнча операцияларды жүргүзүүгө жол берүү.
4.1.13. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык купуялуулук шартында ушул Келишим менен байланышкан бардык документтердин, чектердин нускаларын жана көчүрмөлөрүн, ошондой эле башка маалыматты сактоо жана Банктын суроо-талабы боюнча мындай документтердин көчүрмөлөрүн берүү.
4.1.14. Сатуучу тейлеген Товарларды сатып өткөрүү жерлеринде Банк берген жарнамалык материалдарды жайгаштыруу жана банктын логотиби бар чаптамаларды жайгаштыруу боюнча Банктын бардык сунуштамаларын сактоо.
4.1.15. Банкка 2 (эки) жумуш күндүн ичинде төмөнкү учурларда жазуу түрүндө билдирүү: кол коюу укугу ыйгарылган биринчи жана экинчи жактар алмашканда; мөөр алмашканда; уюмдаштыруу документтерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенде; кайра уюмдаштырылганда же жоюу алдыда турганда; реквизиттер өзгөргөндө.
4.1.16. Соода платформасындагы Товардын баасын өзүнүн соода түйүндөрүндөгү/дүкөндөрүндөгү аналогиялуу Товарлардын баасына салыштырмалуу ашкере көтөрбөө. Соода платформасындагы Товардын баасы аналогиялуу Товардын рыноктук баасынан ашпоого тийиш, ошондой эле Сатуучуга Товарды Соода платформасында Тапшырык тариздөлгөн күнү Сатуучу Товарга белгилеген баалар боюнча сатып өткөрүү.
4.1.17. Сатып алуучудан Насыя боюнча төлөмдөрдү өз алдынча кабыл албоо, анын ичинде Сатып алуучу Товарды кайтарып бергенден кийин, ошондой эле Соода платформасында Тапшырык боюнча насыяга/бөлүп төлөө менен тариздөлгөн Товар үчүн төлөмдү кабыл албоо, мындай Товар үчүн баштапкы төгүмдөн башка.
4.1.18. Ушул бөлүмдө каралбаган, ушул Келишимдин шарттарынан жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарынан келип чыккан башка милдеттерди алуу.
4.2. **<u>Сатуучу төмөнкүлөргө укуктуу</u>:**
4.2.1. Банктан ушул Келишимди аткаруу менен байланышкан маселелер боюнча маалымат алуу.

4.2.2. Банктан Насыяны берүүнүн шарттары жөнүндө, банктык же башка сырга тиешеси жок болгон, потенциалдуу Сатып алуучулар менен иштөө үчүн зарыл болгон жалпы маалыматтарды жана маалыматты алуу.
4.2.3. Сатып алуучуга Товарды өз алдынча алып кетүү жана/же Жеткирип берүү жолу менен коё берүү/Жеткирип берүү боюнча кызматташтык жолун аныктоо.
4.2.4. Өз ара эсептешүүнү салыштыруу актысын суроо-талап кылуу. Банк суроо-талап алынган убактан баштап 3 (үч) жумуш күндүн ичинде Өз ара эсептешүүнү салыштыруу актысын түзөт.

**5. Товар кайтарылып берилгенде жана Насыя жабылганда өз ара аракеттешүү**

5.1. Товар кайтарылып берилгенде Сатуучу жана Сатып алуучу Сатып алуучу Банкка берүүгө милдеттүү болгон ушул Келишимге Тиркеме №2 бекитилген форма боюнча Акт түзүшөт жана кол коюшат.
5.2. Сатуучу Товар кайтарылып берилген датадан баштап 1 (бир) жумуш күндүн ичинде ушул Келишимдин 4.1.4. п. ылайык ачылган банктык эсепти Насыянын Суммасынын экививалентине, Банктын сый акысын алып салуу менен, эгер ал Банк тарабынан кармалып калган болсо, толтурууга милдеттенет, ошондой эле Сатып алуучуга Банкка Кайтарып берүү жөнүндө актысы менен Насыяны мөөнөтүнөн мурда толугу менен тындыруу жөнүндө арызды берүү зарылчылыгы жөнүндө билдирет. Сатып алуучу Сатуучуга Товар үчүн баштапкы төгүм салган учурда, Сатуучу Сатып алуучуга баштапкы төгүмдүн суммасын кандайдыр бир кармап калууларсыз кайтарып берүүгө милдеттенет.
5.3. Сатуучу Насыянын Суммасын ушул Келишимдин 5.2.п. көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде кайтарып бербеген учуда, Банк Насыянын Суммасын Банкта ачылган Сатуучунун банктык эсебинен акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга укуктуу, ал эми Сатуучу Банкка Сатып алуучуда Насыя төлөнбөгөндүктөн келип чыккан айыптарды/үстөк төлөмдөрдү төлөп берүүгө милдеттенет.
5.4. Сатуучу Сатып алуучуга Насыянын Суммасын же Товар үчүн төлөнгөн башка акча каражаттарды, баштапкы төгүмдүн суммасынан башка, түздөн-түз төлөп берүүгө укугу жок.
5.5. Насыянын Суммасы Сатуучудан келип түшкөндөн кийин Банк Сатып алуучунун Насыясын толугу менен тындырат. Сатуучу Насыянын Суммасын чегерген датага чейин Сатып алуучу жүргүзгөн Насыянын негизги суммасын тындыруулардын суммасы Банк тарабынан Сатып алуучуга кайтарып берүүгө жатат. Пайыздар боюнча тындыруулар кайтарып берүүгө жатпайт.
5.6. Насыяга алынган Товарды алмаштыруу баасы бирдей жана аналогиялуу Товарга гана мүмкүн, болбосо Сатып алуучу Соода платформасында Насыяга жаңы өтүнмөнү тариздөө менен башка Товарга жаңы Тапшырык тариздейт, ал эми Сатуучу ушул Келишимдин 5.2.п. каралган аракеттерди аткарат.
5.7. Сатып алуучу Тапшырык «Жеткирип берилди» статусуна өткөнгө чейин, ошондой эле Банк Насыянын Суммасын Сатуучунун банктык эсебине чегергенге чейин Товардан баш тарткан жана кайтарып берген учурда, Соода Платформасынын Оператору Сервисте Банк жана Сатуучу үчүн Тапшырыктын «Сатып алуучу жокко чыгарды» статусун чагылдырат. Бул учурда, Банк бир тараптуу тартипте Сатып алуучу менен Насыя келишимин жокко чыгарат.
5.8. Товар кандайдыр негиздер менен болбосун кайтарылып берилгенде, Банктын Финансылык шарттарда көрсөтүлгөн сый акылары Сатуучу тарабынан төлөнүп берилүүгө жатат, ал эми кармалып алынган сый акылар кайтарып берүүгө жатпайт.

**6. Жоопкерчилик жөнүндө жоболор**

6.1. Ушул Келишимдин ар бир Тарабы Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык салыктарды, жыйымдарды жана төлөмдөрдү өз убагында төлөө, ошондой эле отчеттуулуктун салыктык жана башка формаларын өз убагында берүү үчүн жеке жоопкерчилик тартат.
6.2. Ушул Келишимдин 3.1.4. п. каралган Насыянын Суммасын которуунун ушул Келишимде белгиленген мөөнөттөрүн бузуу үчүн, Банк Сатуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн өз убагында которулбаган Насыянын Суммасынын 0,1% (нөл бүтүн ондон бир), бирок Насыянын Суммасынын 5% ашык эмес өлчөмдө туум төлөйт.
6.3. Соода платформасында Тапшырык Сатуучунун күнөөсү менен (Товардын жок болуусу ж.б.) жокко чыгарылганда, Банк Насыяга өтүнмөнү жактырбаган же Сатып алуучу насыялык документтерге кол койбогон учурларды кошпогондо, Банк Сатуучудан ушул жокко чыгарылган Тапшырык боюнча таризделген Насыя үчүн Финансылык шарттарда көрсөтүлгөн өлчөмдө сый акынын суммасын кармап калат. Ушул пунктта көрсөтүлгөн суммаларды кармап калуу Банк тарабынан жокко чыгарылган Тапшырык таризделген ар бир отчеттук айдын аягында жүргүзүлөт.
6.4. Сатуучу ушул Келишимдин 4.1.7. жана 4.1.13. п.п. бузуу үчүн, Банк ар бир бузуу учуру үчүн 5000 (беш миң) сом өлчөмүндө айып талап кылууга, ал эми Сатуучу Банктын талабы боюнча аны төлөп берүүгө милдеттүү. Банк Сатуучу Келишимдин көрсөтүлгөн пункттарын бир нече жолу бузганы үчүн ушул Келишимдин 11.2.п. белгиленген билдирүү мөөнөтүн сактоосуз ушул Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу.
6.5. Сатуучу Банктын сый акысын жана/же ушул Келишимде каралган башка төлөмдөрдү төлөп берүү тартибин бузган учурда, Сатуучу Банкка төлөмдүн ар бир кечиктирилген күнү үчүн төлөнбөгөн сумманын 0,1% өлчөмүндө, бирок төлөнбөгөн сумманын 5% ашык эмес төлөп берүүгө милдеттенет. Бул учурда Банк Сатуучунун банктык эсебинен үстөк төлөмдү бир тараптуу тартипте кармап калууга укуктуу.
6.6. Товарларды сатып өткөрүү боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай аткаруу үчүн, ошондой эле алардын сапаты үчүн Сатып алуучулардын алдында жоопкерчиликти Сатуучу тартат.
6.7. Банк Товарды сатуу-сатып алуу келишими боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо үчүн бардык учурларда, Банк ушул Келишимдин предметинде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди аткарган учурларды кошпогондо, жоопкерчилик тартпайт.
6.8. Келишимдин ушул Бөлүмүндө көрсөтүлгөн айыптык санкциялар боюнча Тараптардын бардык талаптары жүйөлөнгөн болуусу жана күнөөлү Тарапка бузууну тастыктаган документтерди тиркөө менен көрсөтүлүүсү керек.
6.9. Ушул Бөлүмдө каралган бардык төлөп берүүлөр Тарап тиешелүү талаптарды алган убактан баштап 5 (беш) жумуш күндүн ичинде аткарылуусу керек.
6.10. Тараптар өзүлөрүнүн кароосу боюнча бири-бирин үстөк төлөмдү төлөөдөн бошотууга жана/же анын өлчөмүн бузуунун суммасынын шайкештигине, Тараптардын мындай бузуулардын кесепеттерин жоюу жана алардын кайталануусуна келечекте жол берилбөөсү боюнча чараларды көрүүсүнө негизделип, азайтууга укуктуу.
6.11. Тараптардын ушул Келишимде каралбаган жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык белгиленет.
6.12. Айыптык санкцияларды төлөө күнөөлүү Тарапты өзүнүн ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруудан бошотпойт.

**7. Талаш-тартыштарды чечүү тартиби**

7.1. Тараптардын ортосунда пайда болгон, ушул Келишимден жана/же аны аткарууга байланыштуу келип чыккан маселелер боюнча бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте, ал эми

соттук тартипте – Банктын жайгашкан жери боюнча чечилүүгө жатат. Мында талаш-тартыштарды сотко чейинки тартипте чечүү милдеттүү эмес болуп саналат. Соттук териштирүүнүн тили – орус тили.

**8. Тараптардын кепилдиктери**

8.1. Ушул Келишимди түзүп жаткан ар бир Тарап төмөнкүлөрдү тастыктайт жана кепилдейт:

8.1.1. Ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча аракетте, бардык компетенттүү мамлекеттик органдарда талаптагыдай катталган жана каттоого коюлган болуп эсептелет.

8.1.2. Келишимди түзүү датасына карата ал компаниялардын санкциялык тизмегине кирбейт, ошондой эле колдонулган мыйзамдарга ылайык кандай болбосун ушундай компаниянын контролу астында эмес. Келечекте мындай жагдайлар келип чыккан учурда, мындай Тарап бул жөнүндө башка Тарапка маалымдайт.

8.1.3. Ал ушул Келишимди түзүүгө жол берген укукка жөндөмдүүлүктүн жетиштүү көлөмүнө ээ.

8.1.4. Анын атынан ушул Келишимди түзүп жаткан жак ушул бүтүмдү жүргүзүү үчүн бардык ыйгарым укуктарга ээ.

8.1.5. Ал ушул Келишимди мыйзамдуу түрдө түзүүгө мүмкүнчүлүк алуу, өзүнүн укуктарын колдонуу жана өзүнүн милдеттерин аткаруу, ушул Келишим боюнча милдеттенмелер мыйзамдуу жана анык экенин кепилдөө үчүн аткаруу керек болгон бардык шарттарды жана аракеттерди аткарды, бардык актыларды түздү.

8.1.6. Ал тараптан кандайдыр бир келишимди же макулдашууну бузуу жок, ага анын ушул Келишимди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жагымсыз таасирин тийгизе алган кандайдыр бир териштирүүлөрдүн болуу коркунучу жок же ага каршы башталган эмес.

8.1.7. Ушул Келишимге байланыштуу ал экинчи Тарапка берген бардык жазуу жана ооз эки түрүндөгү маалымат бардык материалдык жана башка аспекттер боюнча толук, туура жана так болуп эсептелет жана ал, эгер алар табылып калса, ушул Келишимди түзүү жөнүндө маселени карап жаткан экинчи Тараптын чечимине жагымсыз таасирин тийгизе алмак болгон экинчи Тарапка көрсөтүлбөгөн кандайдыр бир олуттуу фактылар же жагдайлар жөнүндө кабардар кылынган жок жана кабардар кылынуусу керек эмес.

8.1.8. Сатуучу төлөө боюнча төлөм документтерин тариздөөдө чындыкка дал келген маалыматтарды, анын ичинде жеке маалыматтарды көрсөтөт.

8.1.9. Сатуучу Товарга менчик укуктарын тастыктайт. Сатуучу ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укуктарына толук көлөмдө ээ. Сатуучу Товар Кыргыз Республикасынын МАМСТына, Санитардык-эпидемиологиялык эрежелерине жана ченемдерине, ТШларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка талаптарга толугу менен жооп берерин тастыктайт.

**9. Жеңилгис күч (форс-мажор) жагдайлары**

9.1. Тараптар ушул Келишим боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгер анын себеби жеңилгис күч жагдайларынын келип чыгуусу болсо.

9.2. Жеңилгис күч жагдайларынын аракети кандай болбосун Тарапка ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруусуна жолтоо болсо, тоскоол кылса же кармаса, Тараптын милдеттенмелерди аткаруусу жеңилгис күч жагдайларынын аракети жана алардын кесепеттери уланган убакытка жана алар Тараптын милдеттенмелерди аткаруусуна канчалык жолтоо болсо, тоскоол кылса же кармаса ошондой деңгээлге өлчөмдөш токтотулат.

9.3. Жеңилгис күч жагдайларынын аракеттеринин жыйынтыгында ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруунун мүмкүн эместиги (талаптагыдай аткарбоо) пайда

болгон Тарап, максималдуу мүмкүн болгон кыска мөөнөттө, бирок аталган жагдайлар келип чыккан күндөн баштап 15 (он беш) жумуш күндөн кеч эмес экинчи Тарапка бул жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Билдирүү жеңилгис күч жагдайлардын сүрөттөлүшүн, келип чыгуу датасын, алардын болжолдуу аяктоо датасын, жеңилгис күч жагдайларды тастыктоону, ошондой эле жеңилгич күч жагдайлары менен аткарылбаган милдеттенменин ортосундагы себептик байланыш бар экенин негиздөөнү камтууга тийиш.

9.4. Жеңилгич күч жагдайларынын келип чыгуусунун жетиштүү далили болуп ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка компетенттүү уюмдар тарабынан берилген документтер эсептелет.

9.5. Ушул Келишимге ылайык жеңилгис күч жагдайларынын аракеттери болуп, бирок чектелбестен, согуштар, согуштук аракеттер, согуш конфликттери, аскердик төңкөрүштөр, кол салуулар, чет элдик душмандардын аракеттери, көтөрүлүш, терроризм, террористтик акттар, революциялар, жарандык баш ийбөө акциялары, козголоң, аскердик же өзгөчө абал, бунт, жарандык толкундоолор, баш аламандыктар, табигый катаклизмдер, жер титирөөлөр, өрт, ташкындар, эпидемиялар, мамлекеттик органдардын же мекемелердин аракеттери, компетенттүү мамлекеттик өкмөт жана башкаруу органдары кабыл алган административдик же коммерциялык чектөөлөр, Тараптар (Тарап) үчүн келишимдик милдеттенмелерин аткарууну мүмкүн эмес кылган мыйзамдык же башка ченемдик акттарды (коомдук акттарды) чыгаруу же Тараптардын (Тараптын) акылга сыйган контролунан сырткары болгон башка жагдайлар эсептелет.

9.6. Жеңилгис күч жагдайлары менен аткарылбаган (талаптагыдай аткарылбаган) милдеттенменин ортосунда себептик байланыштын жок болуусу Тарапты ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо үчүн жоопкерчиликтен бошоткон жогоруда көрсөтүлгөн кандай болбосун жагдайга шилтөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

9.7. Жеңилгис күч жагдайлары аяктагандан кийин 5 (беш) жумуш күндүн ичинде аларга тартылган Тарап экинчи Тарапка жеңилгис күч жагдайларынын аракеттеринин аяктаганы жөнүндө жазуу түрүндө билдирүүгө жана ушул Келишим боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарууну кайра улантууга тийиш.

9.8. Жеңилгис күч жагдайлары 3 (үч) айдан ашык уланса же алар келип чыккан убакта алардын көрсөтүлгөн убактан ашык улануусу айкын болсо, кайсы Тарап болбосун ушул Келишимди аткаруудан бир тараптуу тартипте Тарапка милдеттүү түрдө 15 (он беш) күндөн кеч эмес билдирүү менен баш тартууга укуктуу. Мында бир да Тарап экинчи Тараптан ушул Келишимди аткаруудан баш тартуудан келип чыккан кандайдыр бир чыгымдардын ордун толтурууну талап кылууга укугу жок болот.

**10. Купуя маалымат**

10.1. Ар бир Тарап өзүнүн атынан жана эмгектик, жана башка мамилелерде болгон өзүнүн кызматкерлеринин атынан коммерциялык, техникалык, банктык жана кызматтык сырды, ушул Келишимдин жана ага тиркемелердин шарттары жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле үчүнчү жактарга белгилүү эмес болгондуктан купуя болгон, Тарапка жана кызматкерлерге ушул Келишимди аткаруу процессинде белгилүү болуп калган башка маалыматтарды кошуп, купуя маалыматтын жана документтердин сакталышын жана жайылтылбашын камсыздоо боюнча милдеттенмелерди кабыл алууга макулдугун билдирет. Тараптардын өз ара макулдугу боюнча купуя маалымат Тараптын жазуу түрүндөгү макулдугусуз кайсы Тарап жактан болбосун, Келишимде каралбаган учурларды кошпогондо, ачыктоого жатпайт. Буга Тараптар купуя маалыматты сактоо шарттарында жалдаган юристтер (адвокаттар), аудиторлор, бухгалтерлер, банкирлер жана финансы маселелери боюнча кеңешчилер, ошондой эле ушул Келишим менен байланышкан

кандайдыр бир маселени кароодо катышкан сот, мамлекеттик жана башка ушундай компетенттүү, же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык купуя маалыматты алууга укуктуу уюмдар кошулбайт.

10.2. Тараптардын ар бири алар эмгектик же башка контракттык мамилелерде болгон жана бир Тараптын жана Келишимдин бардык Тараптарынын купуя маалыматына жана документтерине түздөн-түз жана кыйыр жетүүсү бар болгон кызматкерлердин купуя маалыматтын жана документтердин сакталышын камсыздоосу үчүн бардык зарыл чараларды көрөт, анын ичинде жазуу түрүндөгү контракттык милдеттенмелерди түзүү аркылуу.

10.3. Тараптар Тараптардын бирине Келишимдин экинчи Тарабынын купуя маалыматына жана документтерине же алардын ишкер өнөктөштүгүнүн купуя маалыматына жана документтерине тиешелүү үчүнчү тараптардын кандай болбосун кол салуулары же бузуулары жөнүндө белгилүү болуп калган учурда бири-бирин дароо маалымдоого өз ара милдеттенмелерди кабыл алышат.

10.4. Ушул Келишимдин аракети бүткөндөн/бузулгандан кийин же Тараптын жазуу түрүндөгү өтүнүчү боюнча ушул Келишимдин алкагында мындай Тараптын купуя маалыматын алган башка Тараптар, анын мөөнөтү кандай болбосун негиз менен токтотулган/бузулгандан кийин 5 (беш) жылдын ичинде мындай Тарапка купуя маалыматты кайтарып берүүгө жана жок кылууга милдеттенет.

**11. Келишимдин мөөнөтү жана аны бузуу тартиби**

11.1. Келишим мөөнөтсүз болуп эсептелет.

11.2. Келишим Тараптардын өз ара макулдашуусу жана алардын биринин талабы боюнча бузулушу мүмкүн. Келишимди бир тараптуу негизде бузууга ниеттенип жаткан Тарап экинчи Тарапка бул жөнүндө Келишимдин аракетин токтотуу болжолдонгон датага 30 (отуз) календарлык күн калгандан кеч эмес билдирүүгө тийиш, ушул Келишимде өзүнчө эскертилген учурларды кошпогондо.

11.3. Келишимдин аракетин токтотуу/Келишимди бузуу Тараптарды Келишимдин аракети токтогонго/Келишим бузулганга чейинки Келишим боюнча шарттарды аткарбоого жана ага чейин болгон Келишимдин кандайдыр бир мөөнөттөрүн жана шарттарын бузууга же аткарбоого карата кандайдыр бир милдеттенмелерден, дооматтардан жана талаптардан бошотпойт.

11.4. Табиятына жараша аракетин улантууга тийиш болгон Тараптардын Келишим боюнча (купуялуулукка, өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө карата, бирок көрсөтүлгөндөр менен чектелбестен) бардык милдеттенмелери, Келишимдин мөөнөтү аяктагандан/бузулгандан кийин күчүндө болот.

11.5. Келишимдин аракети токтогонго/ бузулганга чейин кандай болбосун негиздер менен тариздelген бардык Тапшырыктар Тараптар жактан ушул Келишимдин шарттарына ылайык толук көлөмдө аткарылууга жатат.

**12. Корутунду жоболор**

12.1. Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат жана чечмелөөгө жатат, ушул Келишимде каралбаган маселелер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

12.2. Ушул Офертанын жоболору менен Акцепттин жоболорунун ортосунда кандайдыр бир карама-каршылыктар бар болгон учурда, Акцепттин жоболору мындай карама-каршылыктардын предмети бөлүгүндө үстөмдүк кылышат. Бирок, Тараптар, Офертада каралгандан, Акцепттин текстинде башка шарттардын аракеттери жөнүндө жазуу түрүндө түздөн-түз макулдашкан эмес болсо, Офертанын шарттарына карама-каршы келген кандай болбосун шарттардын күчү жок болуп эсептелет жана юридикалык күчкө ээ болбойт.

12.3. Ушул Келишимдин эч бир шарты биргелешкен ишти уюштуруу жөнүндө шарт катары чечмелене албайт.
12.4. Сатуучу Келишим боюнча жана/же кандайдыр бир Товарга карата укуктарды жана/же милдеттенмелерди (толугу менен же жарым-жартылай) Банктын алдын ала макулдугусуз үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө жана/же башка жолдор менен (түздөн-түз же кыйыр) берүүгө укугу жок. Банк Сатуучунун макулдугусуз Келишим боюнча укуктарын өткөрүп берүүгө жана/же башка жолдор менен берүүгө укуктуу.
12.5. Банк Сервисте жарыяланган ушул Келишимдин шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча укугун өзүнө калтырат. Банк Сатуучуга мындай өзгөртүүлөр жөнүндө Байланыш каналдары боюнча билдирет.
12.6. Ушул Келишимде аталган бардык документтер анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
12.7. Ушул Келишимге түз же кыйыр тиешеси бар бардык документтер, арыздар, маалымат жана Тараптардын кандай болбосун башка маалыматтары Байланыш каналдары аркылуу жөнөтүлүүгө тийиш.
12.8. Тараптар, Тараптардын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруу процессинде пайда болгон кандай болбосун талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер келип чыкканда, Байланыш каналдары боюнча ишке ашырылган электрондук түрдөгү Тараптардын ортосундагы бардык корреспонденция, эгер ал ушул Келишимдин Тараптарынын электрондук даректеринен/логдорунан/номерлеринен жиберилген болсо юридикалык күчкө ээ экенин жана кагаз түрүндөгү документтерге теңдеш далил катары карала аларын таанышат.
12.9. Тараптардын ар бири экинчи Тарапка даректердин, телефон номерлердин, электрондук почта дарегинин жана башка реквизиттердин/ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга таасир эте алган жагдайлардын өзгөргөнү жөнүндө Байланыш каналдары боюнча билдирүүгө милдеттенет.
12.10. Келишимдин айрым жоболорунун жараксыздыгы (же мажбурлап аткаруунун мүмкүн эместиги) Келишимдин калган жоболорунун жарактуулугуна (же мажбурлап аткаруунун мүмкүндүгүнө) же Келишимдин бүтүндөй жарактуулугуна тийбейт. Банктын кандайдыр бир укукту ишке ашырбоосу (же ишке ашыруудан баш тартуусу) мындай укукту андан кийин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

«О!Банк» ААК, ИУРК 22192566, ИСН 01204199910016
Юридикалык дареги: 72003, Бишкек ш., Фрунзе көч., 390
17.09.2024 ж. №044 КРУБ Лицензиясы
Тел.: +996 312 988 330, e-mail: obank@obank.kg

**Тиркеме №1**

## Банк менен Сатуучунун өз ара аракеттешүүсү үчүн жооптуу адистердин байланыш маалыматтары

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Банк** | | | | |
| | | **ФАА** | **Бөлүм/Кызмат** | **Телефон** | **Электрондук почта** |
| | | Абдырасулов Рахат | Тартуу департаментинин Өнөктөштөрдү коштоо башкармалыгыгын начальниги | +996 700 000 595 | rabdrasulov@obank.kg |
| | | Метикулов Едиге | Комерциялык иш департаментинин Насыялоо башкармалыгынын чекене бизнес багытынын башкы адиси | +996 700 156 633 | emetikulov@obank.kg |

**Тиркеме №2**

**Товарды кайтарып берүү актысы**

Биз, ____________ ж. «____» _____________№_____ ишеним каттын негизинде Сатуучунун атынан аракеттенген, төмөндө кол коюучулар ___________________________,
Ф.А.А.

жана Сатып алуучу _________________________, өздүгүн күбөлөндүргөн документ
Ф.А.А.

________,

____________ ж. «____» _____________№_____ Тапшырыкка ылайык сатып алынган ушул Товарды кайтарып берүү актысын төмөнкүдөй түздүк:

1. Сатып алуучу төмөнкү Товарларды кайтарып берет, ал эми Сатуучу аларды кайтарып берүүнү кабыл алат:
   __________________________________________________
2. Товарды кайтарып берүү үчүн негиз:
   __________________________________________________
   __________________________________________________
3. Товардын сапаты жана абалы, дефекттердин бар экени, таңгактын (таранын) абалы жөнүндө белгилер:
   __________________________________________________
   __________________________________________________
4. Товардын сапатынын экспертизасы жөнүндө маалыматтар:
   __________________________________________________
   __________________________________________________
5. Сатып алуучунун кайтарылып берилген Товарга карата талаптары: талаптагыдай сапаттагы товарга алмаштырууну жүргүзүү, Товар үчүн төлөнгөн акча каражаттарын кайтарып берүү (керектүүнүн астын сызуу керек).
6. Ушул Акт үч нускада түзүлдү: ар бир Тарап үчүн бирден жана Банк үчүн үчүнчү нуска.

Сатуучу ________________
кол тамга

Сатып алуучу _______________________
кол тамга